Ж.Сатылганов атындагы орто
мектебинде " 1-декабрь - Бүткүл
Дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү "
күнүнө карата өтүлгөн чогулушунун

# Токтому

23.11.2022-жыл Кара-Ой айылы

Чогулушка катышкан мүчөлөр:
Г.Кулубаева-уюштуруучу
М.Жумабекова-ҮДТнын медайымы
9-10-11-класстардын кл.жетекчилери жана окуучулары
Чогулушка катышкан окуучулардын саны: 124

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. СПИД-кылым чумасы
2. "Билип ал да, коркпогун

**Угулду:** Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча тарбиялык иштерди уюштуруучу Г.Кулубаева билдирүү жасады.

Саламатсыңарбы, урматтуу окуучулар жана чогулуштун катышуучулары!

1-декабрь - Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата жыл сайын бир айлык жарыяланып, иш чаралар өтүлүп жатканын жана бул боюнча республикалык деңгээлде иш чаралар өтүлүп жатканын телевизордон угуп, газета-журналдык маалыматтар аркылуу билип жүрөсүңөр. Ар бир адам баласы өзүнүн ден соолугуна кам көрүү керек. Ар бир адам үчүн жашоо кымбат экендигин эсиңерден чыгарбагыла. Ошондуктан, биз, бүгүн, 1-декабрь - Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата ҮДТнын медайымы менен бирге силерге түшүндүрмөлөрдү берип, талкуу жүргүзөбүз.

11-а,б класстарынын класс жетекчилери Г.Кыдыргычова, У.Сейитов "СПИД-кылым чумасы" деген темада түшүнүк берди. Жылына бир жолу 1-декабрь бүткүл дүйнө элин тынчсыздандырган коркунучтуу вирусту эстей турган күн. Бул күнү эч нерсе билбестигинен СПИДден каза болгондорду эскерүү күнү. Дүйнө жүзүндө ар бир минутада 10 адам СПИД оорусунан көз жумат, күн сайын СПИДди 14000 адам жуктуруп алып, 8000 миң адам көз жумат. СПИД иммунитет жетишсиздигинен келип чыккан синдром. Синдром бул өзүнчө бир ошол ооруга гана таандык белгилеринин тобу деген мааниде . Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда , бул оору адам баласына 1924-1926-жылдары маймылдан жуккан. Ал эми пайда болгон учуру 17-кылымга туура келип, 20-кылымдын 30-жылдары Африкада расмий түрдө катталган. Алгачкы жолу бул ооруга Конгонун тургуну кабылып, 1959-жылы дүйнөдөн кайтат. Өзгөчө күчөгөн мезгили 1970-жылдарга таандык.

Дүйнө жүзүндө СПИД оорусу менен күрөшкөн уюм, топтор абдан көп. Алар күрөшүүнүн жаңы жолдорун тынымсыз издеп оорулууларга психологиялык, моралдык жактан жардам берүүгө аракеттенишет. Ошондой эле, 1-декабрь-СПИД менен күрөшүүнүн бүткүл дүйнөлүк күнү болуп белгиленип келет.

2-маселе боюнча Тоголок Молдо айыл аймагындагы ҮДТнын медайымы Мимоза Жумабекова билдирүү жасады. Саламатсыңарбы урматтуу балдар, эже-агайлар! Мен силерге, 1-декабрь-Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата "Билип ал да, коркпогун" деген темада лекция даярдап келдим. Мында АИВ-инфекциясы тууралуу эмнелерди билүү керек. АИВ-инфекциясы адамдын иммундук жетишсиздик вирусу. (АИВ) тарабынан келип чыккан оору. АИВ-адамдын иммундук системасын жабыркатат, буга байланыштуу ар кандай оорулар өөрчүйт. КИЖС-кабылдаган иммундук жетишсиздик синдрому, АИВ-инфекциясынын акыркы баскычы. АИВ организмге бир жолу кирсе, ал жерде өмүр бою кала

Сканировано с CamScanner

берет. Жуккан учурдан тарта ал адам вирусту башкаларга жуктурууга жөндөмдүү болуп калат. АИВ үч жол аркылуу гана берилет:

1) АИВ булганган кан аркылуу берилиши мүмкүн. Мында ийне аркылуу баңги пайдаланууда...

Стерилденбеген кесүүчү жана саюучу аспаптарды колдонууда...

2)АИВ жыныстык жол аркылуу берилиши мүмкүн. Жуктуруп албаш үчүн жыныстык жол аркылуу байланышууда өнөктөш ишенимдүү болуш керек, презерватив колдонуу керек.

3) Оору АИВ менен ооруган жашаган энеден балага берилиши мүмкүн. Эмчек эмизүү учурунда эненин сүтү аркылуу... АРВ терапия аркылуу. Мында балага эмчек эмизбөө керек. Өзүнөн АИВ инфекциясынын бар же жок экендигин текшерүү үчүн ыктыярдуу тестирлөөдөн өтүү керек. АИВге тестирлөө ҮДТда, эгер кааласа СПИД борборлорунда купуя жүргүзүлөт. Тесттин жыйынтыгы текшерүүдөн өткөн адамга гана кабарланат.

Демек, балдар АИВдин жугуу жолдорун эсиңерден чыгарбагыла, кан аркылуу; энеден балага; корголбогон сексуалдык байланышта.

Кана, балдар, СПИД оорусун кантип жугузуп алат деп ойлойсуңар?

Окуучулар өз билгендери боюнча ойлорун айтып көрүштү. Наркомандардан, ийнеден ж.б. жолдор менен жугат деп белгилешти.

Кокустук жыныстык катнаш, эрте- башталган жыныстык катнашуу, жыныстык шериктердин көптүгү-СПИДдин жугузуп алуу коркунучун күчөтөт. Эгерде сиз өзүңүздүн шеригиңизге ишенбесеңиз сактануучу каражатты (презервативди) колдонуш керек.

Балдар, силер, СПИД оорусу наркомандардан жугат деп ойлойсуңар. Бирок, балдар бардык наркомандар эле СПИД оорусу менен ооруй беришпейт. Эгерде наркомандар СПИД оорусу менен ооруган адамдын ийнеси менен сайынган учурда жугат. Кан аркылуу да жугат. Ал эми саламдашканда, чогуу тамактанганда, өбүшкөндө жукпайт. Эгерде энеси СПИД оорусу менен ооруса, баланы эмизгенге болбойт.

СПИД дартынын алдын - алуу үчүн биринчи иретте алар үчүн атайын бөлмөлөр бөлүнүп, түшүндүрүү иштерди жүргүзүү зарыл.

СПИД-бул айыкпас дарт. Эң коркунучтуусу жугузуп алгандан кийин көп жылдарга чейин белгилери байкалбайт. Ар бир адамдын өзүн-өзү коргоосу ооруну жуктурбоо, алдын-алуу иштерин ишенимдүү түрдө жүргүзүүсүн колдоп, жардам берүү талапка ылайык. Ошондуктан өзүңдүн ден соолугуң жана сенин жакындарыңдарыңдын саламаттыгы үчүн өзүңдү сактап, урматтоо жана жоопкерчилик силерди АИВден коргойт.

Жогорудагыларды белгилеп чогулуш чечим кылат:

1. СПИД оорусунун алдын-алуу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, класстык сааттарды жана иш чараларды өтүү жагы 9-10-11-класстардын класс жетекчилерине милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаевага калтырылсын.

Мектеп директору Төлөбек кызы Анара

Уюштуруучу Г.Кулубаева

ҮДТнын медайымы М.Жумабекова

Сканировано с CamScanner